КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
АК-ДӨБӨ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

Тилекмат айылы,
Асаналиева № 42

факс 60201
тел. 60203

село Тилекмат,
ул.Асаналиева № 42

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ

# ТОКТОМ

2022- жылдын 22-сентябрындагы № 52 Тилекмат айылы

**Ак-Дөбө айыл аймагынын жергиликтүү Курултайын өткөрүүнү уюштуруу жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы "Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" №284 Жарлыгын жана биринчи Элдик Курултайды уюштуруу боюнча комитетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы чечими менен бекитилген нускаманын жана календардык планын аткаруу максатында Ак-Дөбө айыл аймагынын айылдык кенешинин сессиясы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын биринчи Элдик Курултайы 2022-жылдын 25-ноябрында Бишкек шаарына чакыртылганы эске алынсын жана биринчи Элдик Курултайга айыл аймагы боюнча эки делегат шайлана тургандыгы белгиленсин.

2. Ак-Дөбө айыл аймагынын жергиликтүү Курултайы 2022-жылдын 5-ноябрында саат 10-00дө Тилекмат маданият үйүндө өткөрүлсүн.

3. Ак-Дөбө айыл аймагынын жергиликтүү Курултайына айыл элинин санына жараша 50 делегат анын ичинен Тилекмат айылынан 21 делегат, Ак-Дөбө айылынан 12 делегат, Аң-Өстөн айылынын 12 делегат, Мундуз айылынан 5 делегат шайланаары белгиленсин.

4. Жергиликтүү Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча чогулуштарды өткөрүү графиги №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

5. Ак-Дөбө айыл аймагынын жергиликтүү Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобу 11 адамдан түзүлсүн жана курамы №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

Төрагасы А.Тыныбеков